ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# «ЖЫЛДЫЗДАРГА САЯКАТ»

АСКАР УУЛУ ТААЛАЙБЕК
nsu@ktnet.kg

## (С.Эралиевдин поэзиясы калемдештеринин баасында)

С.Эралиев азыркы мезгилдин залкар акындарынын бири. Ал адабият майданында XX кылымдын 40-жылдарынын экинчи жарымынан бери иштеп келетат. Жөн эле катардагы тизме толтуруучулар эмес, адал жана жемиштүү, «оор жүк көтөрүп, араба тарткан аттай болуп» (С.Эралиев), чеке тердетип эмгек этип келүүдө. Ошол эмгегинин акыбети кайтып, ал азыр калың элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болду.

С.Эралевдин таланты барыдан мурда лирикадан көрүндү. Бул жанрдын табиятын туура аңдаган акын окурмандар алдындагы милдетин түшүнүп, алардын жүрөк кылдарын чертип, сезимине от жага турган ырларды жазды. Анын лирикасы эмоцияга, ар кыл интонацияга бай. Акын мында көркөмдөөчү каражаттардын көп түрлөрүн, ошонун ичинде көркөм шарттуулукту абдан ийкемдүү пайдалануу менен элес жарата билет. «С.Эралиев XX кылымдагы улуттук поэзиябыздын көзү тирүү классиги, кыргыз жергесинин зор таланттуу сүрөткери» деп заманыбыздын залкар жазуучусу Ч.Айтматов да жогорку деңгээлде баа берген.

Биздин чакан макалабызда С.Эралиев жана учурунда коомдук резонанс жараткан «Жылдыздарга саякат» чыгармасы тууралуу көрүнүктүү калемгерлердин берген баасы сөзгө алынып, алардын пикирлерине карата кыскача ой жүгүртүүлөр берилди.

«Бул киши дейт, - Ч.Айтматов,- чынын айтайын, өз купулумда улуу акын. Азыркы биздин адабиятыбызда менин зээниме абдан таасир эткен, ушул заманды чын жүрөгүнөн сезе билген, ой-акылы менен түшүнө билген ушул Эралиевби деп ойлойм»[1] . Илимпоз жаштардын алдында сүйлөгөн бул сөзүнө чейин эле Ч.Айтматов калемдеш адамынын талантына тан берип, өзүнүн калыс, баалуу пикирлерин билдирип жүргөн. Буга 1964-жылы адегенде «Правда», андан кийин «Советская Киргизия» газетасында басылган «Открытие берега» аттуу макалалары күбө болот.

Мына, республикада бир топ чуу түшүрүп, талкуудан-талкууга түшкөн «Жылдыздарга саякат» поэмасынын жазылыш тарыхы жөнүндө өзүнүн жазганы: «Поэманы жазып бүтүп, эч жакка бербей, бир жылча кармап жүрдүм. Ал темада жазгандар буга чейин бизде жок эле. Ырдын түзүлүшү да биздин поэзия үчүн жаңы, атүгүл чоочун эле. Кийин нанга тыйын таппай калганда «Ала-Тоо» журналына сунуш эттим. Анан ал гранкасы жаңыдан окула баштагандан тартып катуу каршылыктарга учурады. КПСС Борбордук Комитетине чейин жамандап арыз жазгандар болду. Эмнеси болсо да, кыргыз адабиятында ал поэма өз мезгилинен эртерээк жаралып калгандыгы байкалып турду»[2].

«Поэма Кыргызстан Жазуучулар Союзунда талкууланган кезде «аны жактоочулар да, сындоочулар да болуп, отургандар экиге бөлүнүп кетишкен. Ал жагдайда салкын кандуулукту, калыстыкты күтүү кыйын эле. Сөз айтуу, баа берүү, оппонентке жооп кайтаруу ж.б.лар көбүнчө эмоциялык ашып-ташуунун, буркан-шаркан түшүүнүн кырдаалында жүрдү. Ал талкууда өзүбүз да чыгып, сөз сүйлөдүк эле. Албетте, поэманы колдоп, анын идеялык-мазмундук жаңылыгын жактап сүйлөгөнбүз»[3] - дейт ошол кездеги Союздун 1-катчысы Т.Аскаров.

Мына ушундай кырчылдашкан кызуу кырдаалдан улам Ч.Айтматов поэмага карата өз позициясын борбордук басылмалардын биринде билдирүүнү ылайык көргөн[4]. Андан мурдараак «Открытие берега» аттуу макаласын ал жергиликтүү газетада[5] жарыялаган эле. Мында кыска, бирок,

---

[1] Айтматов Ч. Илимде илимпоз болууңарды тилейм // Ленинчил жаш, 1986, 25-февраль
[2] Эралиев С. Сага айткан сыр // Ала Тоо, 1992, №4-5, 95-бет.
[3] Аскаров Т. Образдуу ой жүгүртүүнүн чексиздиги. -Б., 2000, 52-бет
[4] Айтматов Ч. Жаңы жээктин ачылышы // Правда, 1964, 25-октябрь
[5] Советская Киргизия, 1964, 13-сентябрь

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

чуска айтылган ойлор көп: «Эралиев шел к новой форме свободного стиха, к тому, чего он достиг теперь, трудно и мучительно, он был уже сложившимся поэтом традиционного лирико-эпического склада. Киргизский читатель хорошо знает его поэму «Ак-Меер», легенду о любви, где каждая строка, как певучая и нежная струна, звонит от малейшего прикосновения к ней, где рифмы рождаются одна за другой, как стебли и листья одного корня.

И как хорошо, что он почуствовал себя все же стесненным в этих привычных, пусть уже превосходно освоенных им рифмах и традиционных поэтических образах, что он, не найдя себя, ринулся на поиски новой форме, новой ритмики в киргизском стихосложении, чтобы полней, глубже, эмоциональней, сильней выражать содержание новой, современной ему жизни, мысли, чувства и переживания своих современников».

Традициялык формада калыптанып, «Ак Мөөрү» аркылуу жалпы калайыкка таанылган таланттуу акыныбыз жаңы формага неге чөмүлүп кирип кетти экен? Ч.Айтматов Эралиев эски формадан өзүн бир аз кысылгандай сезди, анткени, азыркы турмуштагы күрдөөлдүү өзгөрүүлөрдү күчтүү, эмоционалдуу, терең ачып көрсөтүү зарылдыгы туулду дегендей ойду айтып жатат. Бул тезисти түшүнүү үчүн ал эки форманы салыштырмалуу карап көрүү зарылдыгы бар. Биринчи традициялуу ыр муун өлчөмүнүн бирдейлигин, шыдыр уйкашты, куплеттик рамканы талап этет. Бул системага көнүп алгандар үчүн алгач «эркин» («ак ыр» элементтери аралаш) чоочун учурашы толук мыйзам ченемдүүдөй сезилет. Ал тууралуу Т.Аскаров мындай деп жазат: «Эркин ыр». Бул терминдин артында обьективдүү мүнөзгө ээ болгон традициялуу ыр түзүлүшүн таануучу элемент, фактор жатат. Поэмадагы ритмикалык чен-өлчөмдүүлүктүн, саптык, строфалык структуралардын жоктугу же анчалык так сакталбагандыгы, белгилүү теориялык эреже, закондорго катуу баш ийбегендиги, составында бир-бирине көп коошо бербеген ар кандай ыр түзүлүштөрүнүн, формаларынын аралаш жолугушу ж.б.традициялуу ыр түрлөрүн кабылдап көнгөн эстетикалык табит, эстетикалык сезим үчүн оңойго турбагандыгы, ал турсун олуттуу проблема болгондугу түшүнүктүү нерсе да»[1].

Команда : «Көккө учууга!»
**Чытырап кыйрап калды жер кишени.**
Эркиндик!
Бир азга олку-солку боло түшүп,
Зымырап тарта бердим, ракетам –
**Жердин каны куюлуп,**
Үмүттөрдүн жумшак колу багыттаган шприцтей –
Жылдыздарга тике бет алып.
**Мезгил тынбай бир орунда селейип,**
Чакырымдар кулаган таштай артка кулашты.
Мейкиндиктер эми-эми бүтчүдөй,
Төшүм менен урунчудай дүйнөнүн тигил четине,
Жоголуп-житип баратам асман «этине»[2].

Муну шарттуу түрдө бир түрмөк, б.а. бүткөн бир ойду түшүндүргөн строфа сыяктуу карасак ылайык келет. Анын кандай өзгөчөлүгү бар? Ыр сымал ыргак (б.а. жорго сөзгө окшош десек да болот) бар. Саптардагы муун өлчөмдөрү бири-бирине дал келбейт. Эң негизгиси, акын сөздү таамай, таасын, образдуу айтууга бардык аракетин жумшайт. Натыйжалуулуктун маңызы мына ошондо.

«Эркин ыр» жазуу практикасы кыргыз поэзиясында 30-жылдарда эле орун алган. Бирок, ал кезде бул жаңылыктын (В.Маяковский негиздеген новаторлук форманын) сырын көпчүлүк акындар түшүнүшкөн эмес. Ыр саптары «сындырылып», «тепкичтенип», обонго салууга эмес, декламация түрүндө окууга ылайыкталып турат, бирок, сөздөрүндө эмоциялуу чоң күч сезилбейт, образдуулук жетпейт, ойлору кургак, супсак айтылат.

[1] Аскаров Т. Көрсөтүлгөн китеп, 55-бет.
[2] Эралиев С. Жылдыздарга саякат. -Ф., 1966, 6-бет.

Ч.Айтматов С.Эралиев «жеке эле кыргыз эмес, бүткүл түрк адабиятында жаңы жээкти ачты» деп жарыялоодо баарыдан мурда эркин ыр саптарына сыйдырылган образдуулуктун күч-кубатын көңүлгө алып жатат. Б.а. ал мазмун менен форманы толук төп келиштирүүгө жетишкен. Жазуучу - публицисттин калемдеш досуна суктануусу анын төмөнкү сөздөрүнөн ачык сезилет: «И сейчас у меня на душе такая радость, которую я должен всю раздать людям, чтобы ощутить полноту и цену этой радости за свою литературу. Мне хотелось бы сейчас раздать поэму Эралиева по строкам, по буквам, по крупицам всем, кто любить настояшую, высокую поэзию. Мне сейчас хочется декламировать эти стихи, чтобы люди слышали новый голос древней киргизской поэзии»[1]. Жазуучулар союзундагы талкууда С.Эралиевди формалист катарында сындагандар да болуптур. Ч.Айтматов «Жажда поиска» аттуу макаласында акындын ошол тушта башынан өткөн бир окуя тууралуу эскерет: «Не давно группа партийных работников, прочитав его стихи, сделала несколько справедливых крититечких замечаний. Некоторые строки были излишне усложенными, непонятны. Суюнбай согласился с ними. Вскоре студенты университета пригласили поэта к себе на встречу. Когда все собрались и поэт уже направился в зал, буквально на пороге его остановили руководители кафедры и сказали, что встреча отменяется. Обьяснили невнятно: дескать все «сверху» серьезно критиковали какие-то у вас шатания, искания: покуда не будет команды - воздержимся.

Сейчас этот возмутительный, просто недопустимый факт. И он настороживает. Да, очень сурово надо отнестись к тому, что инородно в нашей реалистической литературе. Но при этом надо умело отделять зерно от плевел, отличать поиск подлинный, без которого не может существовать литература, от формального поиска»[2]. Бул сөздөн көрүнүп тургандай, формалык изденүүлөрдү формалисттик «кыйраңдоолордон» ажырата билүү керек. Формализм тууралуу 1968-жылы «Кыргызстан маданияты» жумалыгында «Акындарга үч суроо» аттуу ат менен жүргөн талкууда көп сөз болгон. Ошолордун ичинде атын айтпай тымызын С.Эралиевди сындап жаткандар да бар эле. 1964-жылы Ч.Айтматов С.Эралиевди «поэзиядагы жаңы жээкти ачуучу» катары белгиленгени жогоруда айтылды. Ал эми төмөнкү үзүндүнү окуп көрөлү: «Биздин оюбузча, өздөрүн новатор санаган акындарыбыз же аркы жээкте жок, же берки жээкте жок, өкүнүч ошондо. Тереңдеп кече албай - «Баары бир, биз акынбыз, бул сууну кечип чыгабыз», - деп кыйкырган сыяктуу. Биздин новаторлор кыйкыруу менен алек десем оройлукка жатпас»[3]. Бул пикирге төмөнкү сөздөрдү каршы койсок ылайык келет: «Биздин кыргыз поэзиясына Маяковскийдин ритмин азыркы ракет доорунун ритми менен айкалыштырып, кийирип отурганыбыздын өзү чыгармачылык чоң факт»[4]. Ал өзү болсо форма жана формалык изденүү тууралуу мына буларды баяндайт: «Поэзия деген элпек уйкашып, өзүнөн - өзү музыка чыгарып, тез эле обон күүлөргө келе калгыдай болуу керек» деген да далилдөөлөр бар. Буга биз макулбуз, бирок, андан ары эмне? Ырларда саптардын өзгөрүшү же өзгөрбөшү, уйкаштыктын бары же жогу, обонго келип же келбей турушу сыяктуу «маскаларды» алып салгандан кийин анын ары жагында эмнелер бар болду экен? Бизди ал кызыктырабы же жокпу? Эгер ичинде каткан башка «тасмиясы» болбосочу? Бардык маселе ырдын ичиндеги ойдо, жүгүндө эмеспи?.. ӨӨзүндө топтолгон турмуштук информацияларды кайсы ыр формасында берүүнү ылайык табат, канткенде ал өз оюн жеткире алат – традициялуу ыр мененби, же «эркин ыр» мененби, бул акындын жеке иши, анын ички даярдыгына, мүмкүндүгүнө байланыштуу. Кыргыз поэзиясында изденүү ушул эки тарапта жүрүп жаткансыйт. Мага анын экөө тең кымбат. Чыгарманын мүнөзүнө жараша «эркин ырга» да, традициялуу ырга да кайрылып жүргөнүмдү окуучулар билсе керек. Ошондуктан бул формалардын бирин өйдө, бирин төмөн койгум келбейт»[5].

---

[1] Айтматов Ч. В соавторстве с землою и водою. -Ф., 1978, 201-бет.
[2] Ошондо эле, 95-бет.
[3] Айтматов Ч. В соавторстве с землею и водою. -Ф., 1978, 201-бет.
[3] Ошондо эле, 95-бет.

[5] Токомбаев А. Акындарга үч суроо // Кыргызстан маданияты, 1968, 9-май

Ошентип, Ч.Айтматов С. Эралиевди кыргыз поэзиясынын мазмунуна жана формасына чоң жаңылык киргизген залкар акындарыбыздын бири деп эсептейт.

Жыйынтыктап айтканда, улуу акыныбыз кадыресе окурмандар менен бирге өзүнүн калемдештери жана профессионалдуу адабиятчы, сынчылар тарабынан да жогору бааланды. Акындын «Сүйүнбай Эралиевдин көркөм дүйнөсү» (Б.:2002) аттуу 42 авторду кучагына алган макалалар жыйнагы басылып чыкты. Мында анын акындык таланты жогору бааланган ар тараптуу пикирлер орун алган. Формасы жагынан талаш туудурган «Жылдыздарга саякат» тууралуу кеңири пикирлер айтылып, колдоого алынган. Айрыкча, Ч.Айтматовдун «Жаңы жээктин ачылышы» аттуу чакан рецензиясынан кийин поэмага «**кой короого кошулган жат эчки»** деген аныктама-көз караш арткы планга сүрүлүп, ал чыгарма акырындап окурмандардын жылуу пикирине ээ боло баштаган. Азыркы мезгилде «эркин ыр» толук укугуна ээ болуп, эч кандай талаш туудурбай, кыргыз поэзиясынын төрүнөн өз ордун ээледи деп айтсак болот.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Айтматов Ч. В соавторстве с землею и водою. -Ф.,1978.
2. Айтматов Ч. Жаңы жээктин ачылышы // Правда, 1964, 25-октябрь.
3. Айтматов Ч. Илимде илимпоз болууңарды тилейм// Лен.жаш,1986, 25-февраль.
4. Аскаров Т. Образдуу ой жүгүртүүнүн чексиздиги. -Б., 2000.
5. Садыков А. Сүйүнбай Эралиев. Чыгармачылык өнөркана сыры.-Б.:2006.
6. Советская Киргизия, 1964, 13-сентябрь.
7. Токомбаев А. Акындарга үч суроо // Кыргызстан маданияты, 1968, 9-май
8. Эралиев С. Жылдыздарга саякат. -Ф.,1966.
9. Эралиев С. Сага айткан сыр. Адам, жер-суу үндөрү // Ала Тоо, 1992, № 4-5.